# Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2027-жылга чейинки өнүгүү СТРАТЕГИЯСЫ

## 1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өнүгүү стратегиясын иштеп чыгуунун актуалдуулугу

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин (мындан ары - Жогорку Кеңеш) жетинчи чакырылышы өзүнүн ишин мурунку чакырылыштардын иштөө шарттарынан түп-тамырынан айырмаланган шарттарда жүргүзөт. Түзүлгөн жагдайдын ички жана сырткы себептери бар.

Биринчиден, 2021-жылдагы референдум менен кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы Жогорку Кеңештин мамлекеттик бийлик тутумундагы тутумун жана функцияларын кескин өзгөрттү жана анын алдына жаңы милдеттерди койду. Бул жагдай парламенттин ички жоболорун жана жол- жоболорун өзгөртүүнү талап кылат.

Экинчиден, Жогорку Кеңештин башка бийлик органдары жана өкмөттүк эмес уюмдар менен мамилелери өзгөрдү. Негизинен өзгөрүүлөр парламенттин аткаруу бийлиги менен болгон өз ара аракеттенүүсүнө тиешелүү. Аларды жүзөгө ашыруу укугу али аныктала элек жана талашылып жаткан функциялар бар. Бул кырдаал парламенттин мыйзам чыгаруу функциясын өнүктүрүүнү талап кылат.

Үчүнчүдөн, COVID-19 илдетинин кесепеттерин жоюу жана стратегиялык өнөккө жарыяланган багытталган глобалдык санкциялардын өлкөбүзгө терс таасирин азайтуу багытында Жогорку Кеңештин жаңы милдеттенмелери пайда болду.

Төртүнчүдөн, жогоруда көрсөтүлгөн көйгөйлөр "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы аркылуу гана чечилиши мүмкүн эмес. Парламентти өнүктүрүү маселелерин чагылдырган стратегиялык документти кабыл алуу зарыл.

Түзүлгөн кырдаал парламенттин кийинки беш жылга ишин тактаган концептуалдык документти иштеп чыгуу зарылдыгын талап кылат, алдыга коюлган максаттарга жетүүнүн этаптарын жана жолдорун системалуу аныктайт.

Ушул Стратегия 2027-жылга чейин парламенттин алдына коюлган жаңы максаттарды менен милдеттенмелерди жана ушул этапта Жогорку Кеңештин жетинчи чакырылышынын ишинин артыкчылыктуу багыттарын аныктайт.

## 2. Учурдагы кырдаал

Белгилүү себептер жана жагдайлар боюнча парламенттик республиканы куруу идеясы Кыргызстандын коомчулугу үчүн өзүнүн жагымдуулугун жана зарылдыгын жоготту.

Жаңы Конституция Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктарын, мамлекеттик бийлик тутумундагы анын ролун жана салмагын өзгөрттү. Азыркы учурда өлкөдө президенттик башкаруунун формасы калыптанып жатат. Жалпы мамлекеттик бийликтин жаңы тутуму түзүлүүдө - мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот органдары жаңы принциптер боюнча түзүлүүдө. Жогорку Кеңеш маанилүү мамлекеттик маселелер боюнча чечимдерди кабыл алууга түздөн-түз катыша албайт. Жүргүзүлгөн конституциялык реформанын негизинде парламент мындан ары мамлекеттин өнүгүү векторун аныктоодо тикелей катышпайт, бирок элдин талаптарын Министрлер Кабинетине жеткирүү боюнча ишти улантууда. Тилекке каршы, бул маселеде парламенттин, депутаттардын, аткаруу бийлигинин ролун жана аткарган милдети жөнүндө ар кыл түшүнүү бар. Ушул документте парламенттин жаңы чакырылышынын ролу, максаттары жана милдеттери тууралуу депутаттар айткан идеялар топтолгон.

Жогорку Кеңеш мыйзамдарга ылайык мыйзам чыгарууну, өкүлчүлүк жана контролдоо функцияларын ишке ашырууну улантууга, ошондой эле башка мамлекеттик органдар менен макулдашылган өз ара аракеттенүүнү камсыз кылууга тийиш.

Парламентке бир мандаттуу округдар боюнча шайланган депутаттардын келишине байланыштуу өкүлчүлүк функциялар жаңы мазмунга жана жаңы формага ээ болду.

Иштеп жаткан парламенттин контролдук функциялары мурдагыларга салыштырганда өзгөрдү, реформаларга мониторинг жүргүзүү жана аларды ишке ашыруунун натыйжаларын баалоо зарылдыгы болбой калды. Негизги көңүл мыйзамдардын аткарылышын контролдоого бурулууда.

Өлкөдө жана дүйнөдө болуп жаткан саясий өзгөрүүлөргө байланыштуу, ошондой эле дүйнөдөгү экономикалык кризистин коркунучунун шарттарында парламенттин ийкемдүүлүгү, анын учурдагы глобалдуу көйгөйлөргө жана тобокелдиктерге жооп берүү жөндөмдүүлүгү зор мааниге ээ болууда.

Парламенттин алдында турган жаңы милдеттер адамдык ресурстардын потенциалын жогорулатууну жана Жогорку Кеңештин Аппаратын жогорку квалификациялуу эксперттер менен комплектөөнү талап кылат.

Парламенттин ишиндеги "ашыкча" милдеттерди кыскартуу, алардын бири-бирин кайталоосун жокко чыгрboard зарыл, ошондой эле Жогорку Кеңештин түзүмүн жана ишинин натыйжалуулугун оптималдаштыруу боюнча иштер аягына чыга элек.

Ушул Стратегияда парламенттин жаңы чакырылышынын орду жана ролу, анын өнүгүү максаттары жана милдеттери так аныкталган.

## 3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2027-жылга чейинки өнүгүү максаттары

Кыргызстанда 2021 -жылы кабыл алынган Конституцияга киргизилген өзгөрүүлөргө таянып, ошондой эле учурдагы глобалдык кырдаалды эске алуу менен Жогорку Кеңеш төмөнкү максаттарга жетүүнү көздөйт:

0) өз ыйгарым укуктарынын чектеринде мыйзам чыгаруу бийлигин жана контролдоо функцияларын натыйжалуу жүзөгө ашыруучу жогорку кесипкөй парламентти түзүү;

1) Жогорку Кенештин курамын жана түзүмүн өзгөртүүдөн келип чыккан өкүлчүлүк функцияларынын өзгөчөлүктөрүн ишке ашыруу;

2) өлкөнүн келечек муктаждыктарына жооп берген милдеттерди чечүүгө багытталган мыйзамдарды кабыл алуу.

## 2027-жылга чейинки мезгилге Жогорку Кеңешинин ишинин артыкчылыктуу багыттары

Жогоруда көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн Жогорку Кеңештин иши төмөнкү артыкчылыктуу багыттарга топтолгон:

### 4.1. Мыйзам чыгаруу иши. Көйгөйлөр

Азыркы учурда жаңы Конституцияга жана жаңы реалдуулукка шайкеш келтирүү максатында мыйзам чыгаруу базасын кайра карап чыгуу зарыл. Жасалма интеллектти колдонуу, санариптештирүү жана башкалар жаатындагы коомдук мамилелерди жөнгө салууга багытталган мыйзамдарды кабыл алуу зарыл. Мыйзам чыгаруу инидеги төмөнкү көйгөйлөрдү белгилеп кетүү зарыл:

1) мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн ырааттуу тутумунун жоктугу бул ченемдерди кайра кайталоону жана колдонуудагы мыйзамдарга карама-каршылыктарды пайда кылууда;

2) узак мезгилге мыйзам чыгаруу ишин пландаштыруу милдети ишке ашырылган жок;

3) мыйзамдарды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон каржынын көлөмүн эсептөөнүн сапаты төмөн бойдон калууда. Мыйзамдарды финансылык ресурстар менен камсыздоо көйгөйү чечилген жок;

4) негизинен расмий тилде даярдалып жана мамлекеттик тилге которулган мыйзам долбоорлорунун тексттери бири-бирине дал келбеген учурлар кездешүүдө.

**4.2. Өкүлчүлүк иши. Көйгөйлөр**

Жогорку Кеңештин өкүлчүлүк ишинин маселеси боюнча төмөнкүдөй көйгөйлөр айкындалган:

1) бир мандаттуу округдар боюнча шайланган депутаттар катышуучусу болууга тийиш болгон иш-чаралар мурдагы Стратегияда каралган эмес. Азыркы учурда алар өздөрүнүн өкүлчүлүк милдеттерин аткарышы боюнча так жазылган ченемдер жок.

2) парламентке кирбеген партиялар үчүн добуш берген шайлоочулардын бөлүгүнүн кызыкчылыктарын эсепке алуу механизмдери каралган эмес;

3) коомду жана бүтүндөй алганда мамлекетти өнүктүрүү боюнча ар кандай саясий платформалары бар парламенттик фракциялардын позицияларын макулдашуу механизмдери жок.

**4.3. Контролдоо иши. Көйгөйлөр**

Жогорку Кеңештин контролдоо иши боюнча төмөнкү көйгөйлөр аныкталды:

1) кабыл алынган мыйзамдын аткарылышын Комитет тарабынан контролдоону жүзөгө ашыруунун мөөнөтүн жана форматын аныктаган документ кабыл алынган эмес;

2) Жогорку Кеңештин Регламентинде көрсөтүлгөн кызмат адамдарынын ар жылдык отчетторунун жана баяндамаларынын стандарттары иштелип чыккан эмес;

3) Жогорку Кеңеш шайлаган, дайындаган же болбосо аларды дайындоого өзүнүн макулдугун берген кызмат адамдарынын ишине контролдукту жүзөгө ашыруу боюнча Жогорку Кеңештин функцияларын тактоо зарыл, анткени көрсөтүлгөн адамдардын ишинин натыйжалуулугунун индикаторлору жок.

**4.4. Комитеттердин жана комиссиялардын иши**

Жаңы Конституция кабыл алынышына жана жаңы мыйзам мейкиндиги түзүлүп жатканына байланыштуу комитеттердин ишиндеги өзгөрүүлөрдүн натыйжасында келип чыккан маселелер:

4.4.1. Парламенттин комитеттеринин жана убактылуу комиссияларынын ишин так жана толук тескеген мыйзамдык-укуктук базаны түзүү зарыл, анын ичинде:

- "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин комитети жөнүндө" жаңы типтүү жобону иштеп чыгуу жана бекитүү;

- "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин убактылуу комиссиялары жөнүндө" жаңы типтүү жобону иштеп чыгуу жана бекитүү.

4.4.2. Убактылуу депутаттык комиссиялардын курамынын, алардын ишинин сапатын аныктоочу механизмдерди иштеп чыгуу. Комиссия тарабынан каралган маселелерди кеңири талкуулоону камсыздоочу иш-чараларды жүргүзүүнү киргизүү.

**4.5. Парламенттик фракциялардын жана депутаттык топтордун иши**

4.5.1. Парламенттик фракциялардын жана депутаттык топтордун ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга багыталган ченемдик укуктук актылар:

- Парламенттик фракциялар жана депутаттык топтор жөнүндө типтүү жобону иштеп чыгуу жана бекитүү;

- Парламенттик фракциялардын жана депутаттык топтордун катчылыктары жөнүндө типтүү жобону иштеп чыгуу жана бекитүү;

- Парламенттик фракциялардын жана депутаттык топтордун фонддору жөнүндө типтүү жобону иштеп чыгуу жана бекитүү;

- парламенттик фракциялар жана депутаттык топтор өткөрө турган көчмө жыйналыштардын маселелери боюнча мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү.

**4.6.2. Бир мандаттуу округдар боюнча шайланган депутаттардын мыйзам долбоорлорун демилгелөө боюнча укуктарын өнүктүрүү**

Чаралар:

- мыйзам долбоорлорун иштеп чыгууда бир мандаттуу округдар боюнча шайланган депутатка бирдей шарттарды түзүү;

- бир мандаттуу округдар боюнча шайланган депутаттар тарабынан иштелип чыккан мыйзам долбоорлорун Министрлер Кабинетинин мыйзам долбоорлоо иши боюнча иш планына милдеттүү киргизүү механизмдерин иштеп чыгуу;

- парламенттик фракцияларга жана депутаттык топторго берилгендей укуктарды бир мандаттуу округдар боюнча шайланган депутаттарга берген мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү.

**4.7. Жогорку Кеңештин Аппаратынын иши**

**Максат**

Жогорку Кеңештин ишин укуктук, уюштуруу, документтик, маалыматтык камсыз кылуу жактан натыйжалуу ишке ашырууга жөндөмдүү болгон кесипкөй, туруктуу Жогорку Кеңештин Аппаратын түзүү.

Негизги көйгөйлөр:

1) Жогорку Кеңештин Аппаратынын айрым кызматкерлеринин билим деңгээлинин жетишсиздиги;

2) Жогорку Кеңештин Аппаратынын жаңыдан кабыл алынган кызматкерлеринин кесиптик тажрыйбасынын жетишсиздиги;

3) Жогорку Кеңештин Аппаратынын кызматкерлеринин көпчүлүгүнүн мамлекеттик тилди жетишсиз билүүсү жана чет тилдерди билбегендиги.

1-милдет. Мамлекеттик жана расмий тилдерде мыйзамдарды сапаттуу кабыл алуу максатында Жогорку Кеңештин Аппаратынын кызматкерлеринин потенциалын жогорулатуу.

2-милдет. Жогорку Кеңештин Аппаратынын адам ресурстарын натыйжалуу башкарууга багытталган жаңы кадр саясатын иштеп чыгуу.

3-милдет. Депутаттардын жардамчыларын, консультанттарын, парламенттик фракциялардын жана депутаттык топтордун катчылыктарынын кызматкерлеринин кызмат орундарына кадрларды тандоонун принциптүү жаңы жана натыйжалуу тутумун иштеп чыгуу.

4-милдет. Жогорку Кеңештин Аппаратынын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу тутумун түзүү.

5-милдет. Кесиптик өсүү жана моралдык сапаттарын жогорулатуу максатында Жогорку Кеңештин Аппаратынын кызматкерлерин стимулдаштыруу.

6-милдет. Мыйзамдардын, токтомдордун жана башка документтердин долбоорлорун мамлекеттик тилде даярдаган кызматкерлерди материалдык жактан стимулдаштыруу.

**4.8. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүү**

4.8.1. Жаңы көйгөйлөр:

1) мамлекеттик бюджеттин жана өлкөнүн өнүгүү программаларынын аткарылышына парламенттик контролдун актуалдуулугу сакталууда.

2) Министрлер Кабинетинин Төрагасынын, министрлердин жана башка кызмат адамдарынын Жогорку Кеңешке ар жылдык маалыматынын мазмуну жана формасы аныктала элек.

3) Жогорку Кеңеш шайлаган же дайындаган же болбосо аларды дайындоого өз макулдугун берген кызмат адамдарынын ишин контролдоону жүзөгө ашыруу боюнча Жогорку Кеңештин укуктары алиге чейин тактала элек. Мындай кызмат адамдарынын ишинин натыйжалуулугунун индикаторлору жок.

4.8.2. Бул багытта төмөнкү милдеттерди ишке ашыруу зарыл.

1-милдет. Жогорку Кеңеш шайлаган же дайындаган же болбосо аларды дайындоого өз макулдугун берген кызмат адамдарынын ишинин натыйжалуулугунун индикаторлорун иштеп чыгуу жана киргизүү.

2-милдет. Башкы прокурордун, Улуттук банктын төрагасынын, Эсептөө палатасынын төрагасынын, Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүн, Акыйкатчынын (Омбудсмендин) кызмат ордуна талапкерлерди тандоого контролдун сапатын жакшыртуу.

3-милдет. Мыйзам чыгаруу, өкүлчүлүк жана контролдоо милдеттерин жүзөгө ашыруу менен байланышкан маселелерди чечүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен натыйжалуу кызматташууну жүзөгө ашыруу.

**4.9. Жогорку Кеңештин жарандык коом менен өз ара аракеттенүүсү**

4.9.1. Белгиленген көйгөйлөр:

1) Жогорку Кеңештин веб-сайты интерактивдүү болуп саналбайт, талкууланып жаткан мыйзам долбоорлору жана Жогорку Кеңештин башка чечимдери боюнча өз комментарийлерин калтырууга бардык каалоочуларга мүмкүндүк бербейт, келип түшкөн сунуштар боюнча кайчы байланышты камсыз кылбайт;

2) Жогорку Кеңештин сайтында жайгаштырылгандыгына карабастан мыйзам долбоорлорун коомдук талкуулоо иш жүзүндө өткөрүлбөйт.

4.9.2. Жогоруда белгиленген көйгөйлөрдү чечүү катары парламенттин жарандык коом менен туруктуу иштиктүү диалогун жана кызматташтыгын камсыз кылуу үчүн долбоорлор ишке ашырылат.

**4.10. Эл аралык жана парламенттер аралык иш**

Айрым мамлекеттерге карата глобалдык санкциялардын шартында Жогорку Кеңеш менен башка өлкөлөрдүн парламенттеринин ортосундагы эл аралык кызматташтыкты активдештирүү зарылчылыгы бышып-жетилди.

Мында Жогорку Кеңеш эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерин, адам укуктары боюнча эл аралык келишимдердин сакталышын жана БУУнун Туруктуу өнүгүү максаттарынын ишке ашырылышын камсыз кылууга тийиш.

## 5. Стратегияны ишке ашыруудан күтүлгөн натыйжалар

Стратегияны ишке ашыруу Жогорку Кеңешке өзүнүн өнүгүшүнүн жаңы сапаттык деңгээлге көтөрүлүшүнө, жаңы Конституциянын талаптарына жана коомчулуктун үмүттөрүнө жооп берген, бүгүнкү күндөгү актуалдуу көйгөйлөргө тез жана адекваттуу аракет кылууга жөндөмдүү натыйжалуу жана заманбап парламенттик уюмду түзүүгө мүмкүндүк берет.

Стратегия төмөнкүлөр аркылуу ишке ашырылат:

1) ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү;

2) контролдоочу, мыйзам чыгаруу жана өкүлчүлүк функцияларын күчөтүү;

3) Жогорку Кеңештин Аппаратынын ишин өркүндөтүү;

4) Президент, Министрлер Кабинети, ЖӨБ жана башка мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүүнү жакшыртуу;

5) жарандык коом менен өз ара аракеттенүүнү өркүндөтүү;

6) калкка маалымдоо тутумун өркүндөтүү.

## 6. Стратегиянын мониторинги жана аны ишке ашырууга баа берүү

Стратегиянын кабыл алуунун жыйынтыктары боюнча аны ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планы иштелип чыгат. Келечекте Стратегиянын максаттарына жетишүүсүнө мониторинг жүргүзүү жана баалоо пландаштырылууда.

Стратегиянын аткарылышына мониторинг жана баалоо жүргүзүү комитеттерге, парламенттик фракцияларга, депутаттык топторго, Жогорку Кеңештин Аппаратына жана Парламентти жана демократияны өнүктүрүү борборуна жүктөлөт.

Зарыл болгон учурда мониторинг жана баалоо жүргүзүү процессине жарандык коомдун өкүлдөрү тартылышы мүмкүн.

## 7. Стратегиянын алкагында ишке ашырылуучу долбоорлор

### 7.1."Мыйзамды расмий чечмелөө" долбоору

Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясы кабыл алынышы менен Жогорку Кеңешке мыйзамдарды расмий чечмелеп берүү боюнча ыйгарым укуктар жүктөлгөн. Мыйзамдарды чечмелөө мыйзамдын маңызын туура, ар тараптуу жана терең түшүнүү үчүн зарыл өбөлгө болуп саналат.

Азыркы учурда Жогорку Кеңешке жеке жана юридикалык жактардан жарандардын жашоо-турмушунун ар кыл аспекттерин жөнгө салуучу мыйзамдарды расмий чечмелеп берүү жөнүндө көптөгөн суроо-талаптар келип түшүүдө.

Бирок расмий чечмелөө боюнча кайрылууларды (суроо-талаптарды) парламенттин иш жүзүндө кароосунун жүрүшүндө бул процессти институционалдык коштоо көйгөйү аныкталды. Ушуга байланыштуу расмий чечмелөө суроо-талаптары боюнча карап чыгуу жана корутунду берүү жол-жоболорун мыйзамдуу жол менен так бекемдөө зарылчылыгы келип чыкты.

Мындан тышкары, Жогорку Кеңештин адам ресурстарынын потенциалын арттыруу жана конституциялык мыйзамдын, кодекстин, мыйзамдын же алардын түзүмдүк элементтерин расмий чечмелеп берүү жөнүндө суроо-талаптарды кароодо адистердин, илимпоздордун жана эксперттердин кеңири чөйрөсүн тартуу талап кылынат.

Бул долбоорду ишке ашыруу коомдук турмушту укуктук жактан туура жөнгө салууга жана мыйзамдуулукту бекемдөөгө көмөк көрсөтүүчү мыйзамдарды расмий чечмелеп берүү боюнча Жогорку Кеңештин конституциялык ыйгарым укуктарын натыйжалуу жүзеге ашырууга мүмкүндүк берет.

Долбоорду ишке ашыруунун болжолдуу мөөнөтү - 2 жыл.

### 7.2. "Санариптик парламент" долбоору

Соңку жылдары Жогорку Кеңеш парламенттин иши жөнүндө жарандардын маалыматтарга жетүү шарттарын жакшыртуу боюнча олуттуу зор иш жүргүзүлдү. Парламенттик радио, парламенттик телестудия, электрондук "онлайн жыйналыш" инфраструктурасы ишке киргизилген. Аларга кошумча ички процедураларды санариптештирүүгө багытталган тутумдар - документ жүргүзүүнүн электрондук тутуму, маалыматтарды резервге коюу тутуму, мыйзам долбоорлорунун электрондук базасы түзүлгөн.

Жогоруда саналган бардык чаралар парламенттин иши тууралуу маалыматтардын жеткиликтүүлүгүн жакшыртууга жана жарандык коом менен натыйжалуу кызматташууга багытталган. Мисалы, мыйзам долбоорун, маалымкат-негиздемени, эксперттердин корутундусун, комитеттин чечимин жана коомдук талкуунун натыйжаларын камтыган электрондук маалымат базасы түзүлгөн. Мыйзам долбооруна тиешелүү ушундай маалымат жарандарга каалаган учурда жеткиликтүү. Мындай жагдай мыйзам долбоорлорун талкуулоого катышып жаткандардын чөйрөсүн кеңейтип жана ошонун өзү менен жарандардын мыйзам чыгаруу ишине катышууга мүмкүндүк берген. Бул өз кезегинде Жогорку Кеңеш кабыл алган чечимдердин сапатын жакшыртты.

Тилекке каршы, 2020-жылдын октябрындагы окуялардан кийин жогоруда эске алынган тутумдар жок кылынган жана жабдуулардын дээрлик бардыгы иштен чыгып калды.

Азыркы учурда бул тутумдарды калыбына келтирүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Бүгүнкү күндө Жогорку Кеңештин ишти радио жана телекөрсөтүү боюнча берилип, www.kenesh.kg расмий порталында жана социалдык тармактарда чагылдырылып жатат. Бирок бул каражаттар парламенттин ишин толук өлчөмдө чагылдыруу үчүн жетишсиз, буга байланыштуу Жогорку Кеңешке объективдүү эмес сынга калууда.

Жогоруда баяндалгандарга таянып, коомдун учурдагы талаптарына жооп берген, парламенттин ачыктыгын жана ишинин чыныгы көлөмүн чагылдырган, заманбап, "Санариптик парламент" долбоорун ишке ашыруу зарылдыгы келип чыкты.

Бул долбоордун максаты - жоготулган санариптик структураны калыбына келтирүү, ошондой эле Маалыматтарды иштеп чыгуунун резервдик борбору (ЦОД), структураланган кабелдик тутум (СКТ), **депутат менен шайлоочунун байланышуусунун модулу, кабыл алуунун электрондук кезеги, жана call-борбор сыяктуу жаңы санариптик тутумдарды түзүү жана киргизүү.**

Ошону менен бирге мурда ишке киргизилген, бирок азыркы учурда пайдаланууга жараксыз болгон тутумдарды калыбына келтирүү зарыл. Аларга төмөнкүлөр кирет:

- Жогорку Кеңештин 2016-жылга чейин Өнүгүү стратегиясына ылайык ишке ашырылган "Электрондук документ жүгүртүү тутумун" (ЭДТ) калыбына келтирүү;

- Жогорку Кеңештин 2021-жылга чейин Өнүгүү стратегиясында бекитилген "Электрондук Парламент" долбоорунда каралган Жогорку Кеңештин аткаруу бийлигинин органдары жана калк менен маалыматтык-коммуникациялык тармагын түзүүнү аяктоо;

- Жогорку Кеңештин 2016-жылга чейин Өнүгүү стратегиясына ылайык киргизилген жана иштеген "Электрондук китепкана" тутумун калыбына келтирүү.

Эскертүү: Жогорку Кеңештин мурдагы стратегияларында ишке ашырылган "Парламенттик радио" жана "Парламенттик телестудия" тутумдарын калыбына келтирүү боюнча иш маңызынын өзгөчөлүктөрүнөн улам бул долбоордун бир бөлүгү болуп саналбайт. Бул иштерди каржылоо булагы, аткаруу мөөнөттөрү өзүнчө аныкталууга жана ушул Стратегияда ез алдынча долбоор катары кабыл алынууга тийиш.

Долбоорду ишке ашыруунун болжолдуу мөөнөтү - 3 жыл.

### 7.3. "Онлайн-жыйналыш" долбоору

Бул долбоор Жогорку Кеңештин 2021-жылга чейин Өнүгүү стратегиясынын алкагында Жогорку Кеңештин өткөн чакырылышы тарабынан кабыл алынган, жактырылган жана ишке ашырыла баштады.

Долбоордун максаты Жогорку Кеңештин пленардык жыйналыштарын гана эмес, ошондой эле комитеттердин, парламенттик фракциялардын, комиссиялардын жыйналыштарын жана парламенттик угууларды түз берүүдө турган. Бул иш мыйзам долбоорлорун талкуулоонун жана башка коомдук маанилүү чечимдерди кабыл алуунун катышуучуларынын чөйрөсүн кыйла кеңейткен.

Тилекке каршы, каржыл менен байланышкан себептерден улам ушул актуалдуу долбоорду ишке ашыруу аягына чыкпай калган. Ошондой эле 2020-жылдын 6-октябрындагы окуялардан кийин бул долбоорду ишке ашыруунун алкагында орнотулган жабдуулардын кыйла бөлүгү жараксыз болуп калган.

Азыркы учурда комитеттердин, парламенттик фракциялардын жана депутаттык топтордун жыйналыштарын эки залдан гана гана чагылдыруу мүмкүндүгү бар. Калган убактылуу комиссиялардын, жумушчу топтордун, консультативдик кеңештердин жана башкалардын ишин реалдуу убакыттын режиминде көрсөтүү мүмкүнчүлүгү жок.

Жогоруда көрсөтүлгөн жагдайларга байланыштуу "Онлайн жыйналыш" долбоорун толук аяктоо боюнча ишти жаңы Стратегияга киргизүү зарылчылыгы келип чыкты.

Долбоордун мазмуну мурдагы Стратегиядагы долбоордун мазмунуна окшош, бирок долбоордук-сметалык документтерди кайрадан иштеп чыгуу жана долбоорду ишке ашыруу үчүн каржылоо булагын аныктоо зарыл.

Долбоорду ишке ашыруунун болжолдуу мөөнөтү - 2 жыл.

### 7.4. "Парламенттин телерадиостудиясы" долбоору

2020-жылдын октябрындагы окуялардын натыйжасында Жогорку Кеңештин телестудиясы жана радиостудиясы олуттуу жабыр тартты. Радиого жана телекөрсөтүүгө жетүүнү камсыз кылган жабдуулар толугу менен жок кылынды, анын айынан мурда студия коомчулукка көрсөткөн маалыматтык материалдардын саны кескин кыскарды. Жогорку Кеңештин, анын комитеттеринин, парламенттик фракцияларынын, депутаттык топторунун, Аппаратынын иши толук көлөмдө чагылдырылбай жатат. Өзгөчө бир мандаттуу округдан шайланып келген депутаттардын иши тууралуу маалыматты шайлоочуларга жеткирүү көйгөйлүү болуп калды. Парламенттин шайлоочулар менен маалыматтык байланышы жетиштүү эмес, анын натыйжасында жарандык коом менен иштөө татаалданууда.

Мыйзам долбоорлорунун талкуулоо, депутаттардын өзгөчө көз караштары, эксперттердин пикирлери, коомдун кызыгуусун билдирген материалдар жана дискуссиялар иш жүзүндө чагылдырылбай калды. Бүгүнкү күндө Жогорку Кеңештин ишин чагылдырган видео, аудио жана башка материалдар жетишсиз.

Жогоруда көрсөтүлгөн жагдайлар мурдагы стратегиялардын алкагында иштей баштаган парламенттик радиону жана парламенттик телестудияны кайра калыбына келтирүү алда канча курч маселелердин бири болуп калгандыгы жөнүндө тастыктап турат. Анткени региондордо айрым шайлоочулар үчүн парламентти телекөрсөтүүдө жана радиодо чагылдыруу депутаттардын иши тууралуу маалыматтын жападан-жалгыз булагы болуп саналат.

Ушул жагдайлардын өңүтүндө "Парламенттин телерадиостудиясы" долбоорун ишке ашыруу - Жогорку Кеңештин 2027-жылга чейин өнүгүү стратегиясынын алкагында алда канча маанилүү милдеттердин бири.

Ушул долбоорду каржылоо Жогорку Кеңештин чыгымдарынын сметасында каралган эмес. Буга байланыштуу эл аралык уюмдар же өнүгүү боюнча башка өнөктөр долбоорду каржылоо булагы боло алат.

Парламенттик радиону калыбына келтирүү мөөнөтү - 6 ай.

Парламенттик телестудияны калыбына келтирүү жана пайдаланууга киргизүү мөөнөтү - 1 жыл.

### 7.5. "Парламентти жана демократияны өнүктүрүү борбору" долбоору

1938-жылдан тартып 1994-жылга чейин Кыргыз Республикасында Кыргыз ССРинин Жогорку Совети өкүлчүлүктүү орган болгон. 1995-жылдан тартып эгемен Кыргыз Республикасынын парламентинин калыптануусунун жаңы этабы башталды. "Легендарлуу" парламенттин мезгилинен бери, кээде бир палаталуу, кээде эки палаталуу, бирде ыйгарым укуктары абдан кеңейтилген, кандайдыр-бир учурда укуктары кыйла чектелген парламент иштеп келди. Башкаруунун парламенттик формасына өтүү аракети да жасалды.

2021-жылдагы конституциялык реформа Жогорку Кеңештин мамлекеттеги ролун кескин өзгөрттү. Мыйзам чыгаруу органынын алдына коюлган милдеттерди ишке ашыруу парламенттен мурдагыдан айырмаланган жаңы ыкмаларын талап кылат.

Жогоруда эске алынган кырдаал эки артыкчылыктуу багыт боюнча олуттуу ишти талап кылат.

Биринчиден, Жогорку Кеңештин ар бир чакырылышы мурункусунан кескин айырмаланып, институционалдык эстутумдун жоголуп жатканы - парламенттин коомдук турмуштун стабилдүү фактору боло албай жатканына себеп болду. Бул жагдай кыргыз коомунун табиятына ылайык келген, узак убакка чейин өзгөрбөй турган стабилдүү парламенттик моделди иштеп чыгууну талап кылат.

Экинчиден, азыр иштеп жаткан Жогорку Кеңештин жетинчи чакырылышы өз ишин жаңы шартта жаңы Конституциянын алкагында баштады. Бул парламенттин ички жол-жоболорун өзгөртүүнү жана башка уюмдар, анын ичинде мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүүсүн тактоону талап кылды. Бул үчүн бүтүндөй алганда өлкөнүн өнүгүүсүн, ошондой эле эл аралык кырдаалдын өзгөрүүлөрүн эске алуу менен иштелип чыккан парламенттин стратегиялык документтерин даярдоо зарыл.

Бул иштерди натыйжалуу ишке ашыруу үчүн парламенттин институционалдык туруктуу өнүгүүсүн камсыздоо жана депутаттардын, Аппарат кызматкерлеринин потенциалын тынымсыз жогорулатуу зарыл.

Жогорудагы айтылгандарды эске алуу менен ушул Стратегияда "Парламентти жана демократияны өнүктүрүү борборун" түзүү боюнча долбоорду ишке ашыруу сунуш кылынат.

Стратегиялык документтерди иштеп чыгууда, парламент жетекчилигин аналитикалык колдоодо, тематикалык изилдөөлөрдү уюштурууда, депутаттардын жана кызматкерлердин потенциалын жогорулатууда көмөк көрсөтүү бул борбордун негизги милдеттери болот.

Долбоорду ишке ашыруу үчүн кошумча каржылоо талап кылынбайт.

Долбоорду ишке ашыруунун мөөнөтү - 3 жыл.

### 7.6. "Мыйзам долбоорлорунун сапаттуу экспертизасы" долбоору

Азыркы учурда укуктук мейкиндиктин бирлигине жана бүтүндүгүнө доо кетирген мыйзам долбоору кабыл алынган учурлар кездешкенин тажрыйба көрсөтүп жатат. Бул Жогорку Кеңеште мыйзамдарга ойлонулбаган жана шашылыш өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жол бербей турган кесипкөй, интеллектуалдык жана мазмундук чыпканын функциясын аткара турган механизм жоктугу менен байланышкан.

Долбоордун максаты - мыйзам долбоорлорун Жогорку Кеңештин жыйналышына киргизгенге чейин алардын сапаттуу экспертизасын жүргүзүү. Мыйзам долбоорлоруна өз учурунда, кесипкөй жана дыкат экспертиза жүргүзүү, парламентте чечим кабыл алынганга чейин мыйзам долбоорлорундагы каталарды табуу кабыл алынып жаткан мыйзамдардын сапатын жогорулатат. Ошондой эле сунуш кылынып жаткан долбоор укуктук мейкиндиктин биримдигинин принциптерине карама-каршы келбестигин белгилөө жана кабыл алынып жаткан мыйзамдардын таасир этүү натыйжаларын алдын ала иликтөө маанилүү.

Долбоорду ишке ашыруу боюнча чаралар:

- "Мыйзам долбоорлорунун атайын экспертизасын жүргүзүү стандарттарын жана методдорун" иштеп чыгуу жана бекитүү;

- Жогорку Кеңештин Аппаратынын кызматкерлерин мыйзам долбоорунун экспертизасынын жаңы стандарттарына окутууну уюштуруу;

- Жогорку Кеңештин Аппаратынын мыйзам долбоорунун экспертизасы жагынан иш жүргүзгөн кызматкерлеринин кесиптик компететтүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатуу.

Долбоорду ишке ашыруу мөөнөтү - 3 жыл.

### 7.7. "Парламенттик контроль" долбоору

Азыркы учурда Жогорку Кеңеш өлкөнүн турмушуна түз таасир этүүчү айрым чечимдерди кабыл алууга түздөн-түз катыша албайт. Азыр Министрлер Кабинети парламентке отчет бербейт. Кабыл алынган мыйзамдардын аткарылышын контролдоо механизмин ырааттуу ишке ашыруу өлкөнүн соода-экономикалык жана саясий турмушуна парламенттин жигердүү катышуусун камсыз кылуучу алда канча таасирдүү өбөлгө болуп саналат. Бул ишти жөнгө салган "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин контролдоо функцияларын жүзөгө ашыруу тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган учурдан бери 18 жыл өттү. 2007 жана 2012-жылдары мыйзамга айрым өзгөртүүлөр киргизилди. Мыйзамдын айрым пункттары мындан ары колдонуудагы Конституциянын ченемдерине ылайык келбейт.

Буга байланыштуу мыйзамдын жаңы редакциясын даярдоо зарылчылыгы бышып жетилди. Бул редакцияда Президент менен катар жалпы элдин өкүлү болгон Парламенттин кабыл алынган мыйзамдардын аткарылышын контролдоо укуктарын тактап чыгуу зарыл. Жаңыдан киргизилип жаткан ченемдер - парламенттин контролдоо укуктары -аткаруу бийлиги, сот бийлиги, жергиликтүү органдар, өкмөттүк эмес уюмдар жана бизнес-коомдоштугу тарабынан таанылышы керек. Бул жагдай коомдун кеңири катмарынын, көз карандысыз эксперттердин, укуктук мамилелердин катышуучуларынын, ЖМК өкүлдөрүнүн бул мыйзам долбоорун талкуулоого катышуусун шарттайт.

Жаңы Конституцияга кабыл алынганга чейин кабыл алынган, иштеп жаткан жана жаңы мыйзамдардын аткарылышын контролдоо боюнча ишти уюштуруу айрым убакытты жана кыйла

күч-аракеттерди талап кылат. Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, Жогорку Кеңеш өзүнүн контролдоо функцияларын системалуу жана ырааттуу ишке ашыруусу үчүн ушул Стратегияда "Парламенттик контроль " долбоору сунуш кылынат.

Долбоорду ишке ашыруу мөөнөтү - 2 жыл.

**7.8. "Мыйзамдан кийинки контроль" долбоору**

Жогорку Кеңештин Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитети Улуу Британия парламентинин тажрыйбасына негизденип, 2017-жылы "Чет өлкөлөрдөгү мекендештерди колдоо боюнча мамлекеттик саясаттын негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын аткарылышын контролдоону жүргүзгөн.

Мыйзамдын аткарылышын контролдоонун жүрүшүндө ченемдик укуктук базага талдоо жүргүзүлүп, 67 мекендештин, 15 мамлекеттик органдын жана 5 эл аралык жана улуттук коммерциялык эмес уюмдардын жооптору иликтенген, көчмө жыйналыштар жана Россия Федерациясынын шаарларындагы мекендештер менен жолугушуулар өткөрүлгөн.

Мыйзамдын аткарылышын контролдоону жүргүзүүнүн мындай форматы мыйзамды тескөө, жер-жерлерде мыйзамдын аткарылышы, укуктук мамилелердин бардык катышуучулары түздөн-түз душаар болушкан көйгөйлөр менен кыйынчылыктар жөнүндө зарыл маалыматтарды чогултууга түрткү берерин белгилей кетүү маанилүү. Мыйзамды ишке ашыруунун оң тажрыйбасы, мыйзамды ишке ашырууда орун алган, анын каралбаган таасири да талдоого алынат. Мыйзамдын аткаруу маселелерин талкуулоого кеңири коомчулуктун, көз карандысыз эксперттердин, укуктук мамилелердин катышуучуларынын, ошондой эле ЖМКлардын катышуусу бардык чогултулган материалдарды жана маалыматтарды талдоого жана аткаруу бийлиги үчүн Мыйзамды тескөөнү жакшыртууга багытталган объективдүү сунуштамаларды жана сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

Тилекке каршы, колдонуудагы мыйзамдардын ченемдери мыйзамдардын аткарылышына ушундай контролду жүргүзүүгө түрткү бербейт.

Ушуга байланыштуу кырдаалды түп-тамырынан өзгөртүү жана мыкты эл аралык тажрыйбага негизделген мыйзамдардын аткарылышын контролдоону жүргүзүү форматын киргизүү зарылчылыгы бышып жетилди.

Долбоорду ишке ашыруу мөөнөтү - 4 жыл.

**7.9. "Жогорку Кеңештин ишин социалдык тармактарда чагылдыруу" долбоору**

Социалдык медиа жыл өткөн сайын актуалдуулугун күчөтүүдө, алар азыркы коомдун жашоосуна тыгыз аралашып калды жана кадыресе көрүнүшкө айланды. Коммуникациянын социалдык формалары интернет аркылуу коммуникациянын тарыхый жаңы түрүн билдирет.

Соңку жылдардын ичинде социалдык медиа коммуникациянын натыйжалуу инструменти жана чиновниктердин жарандар менен ортосунда бекем байланышын түзгөн аянтча болуп калды, анткени алар уюштуруучулук жана географиялык чектөөлөрдү жоюп, "түздөн-түз" баарлашууга мүмкүндүк берүүдө.

Кеп планетардык масштабдагы электрондук коммуникациянын азыртан эле миллиарддаган адамдардын ар кандай максаттарга жетишүү үчүн баарлашуусуна жол берип жаткан баштапкы стадиясы жөнүндө жүрүп жатат. Электрондук баарлашуунун катышуучулары билими, тажрыйбасы, ой-пикирлери, жаңылыктары, видеоматериалдары, фотографиялары, музыкасы, сайттарга шилтемелери ж.б. менен бөлүшүп, байланыш түзүп, аны өнүктүрө алат.

Кыргызстанда социалдык медиа коомдук чөйрөгө улам көбүрөөк таасир этип, социалдык тармактар аркылуу кеңири коомдук резонанс түзүлөт же кырдаалды, же саясатчылардын демилгелерин массалык талкуулоо жаралат. Социалдык медиа саясий процесстерди түзүүдө да чоң роль ойнойт. Социалдык тармактарда депутаттардын ишине карата мамилелерди байкоого алуу кабыл алынган чечимдердин жана демилгелердин сапатын жакшыртып, шайлоочулар менен байланышты чыңдай алмак, коомчулуктун алда канча олуттуу муктаждыктарын аныктай алат.

Ушуга байланыштуу, жарандар менен алда канча натыйжалуу өз ара аракеттенүү үчүн "Жогорку Кеңештин ишин социалдык тармактарда чагылдыруу" долбоорун ишке ашыруу менен

Жогорку Кеңештин социалдык тармактардагы ишин күчөтүү зарыл. Ушул долбоордун алкагында, депутаттык корпустун натыйжалуу иштөөсү жана жарандардын суроолоруна өз учурунда жооп берүү үчүн аларды маалымат менен камсыз кылуу максатында жарандар айткан пикирлерге, ар кыл сунуштарга, суроо-талаптарга мониторинг жүргүзүү инструменттерин түзүү да зарыл.

Долбоорду ишке ашыруу мөөнөтү - 3 жыл.

### 7.10. "Ачык комитет" долбоору

Азыркы учурда парламенттин мыйзам чыгаруу ишинин негизги бөлүгү комитеттерде жүргүзүлөт, алар мыйзам долбоорлорун алдын ала кароону жана кабыл алынган мыйзамдардын ишке ашырылышын контролдоону жүзөгө ашырат. Бул комитеттерди Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу ишинин алдыңкы планына чыгарат.

Эреже катары, мыйзам долбоорунун тагдыры комитеттин жыйналыштарында чечилет. Пленардык жыйналыштардын учурунда мыйзам долбоорлорун талкуулоо комитеттердегидей анча кең-кесири жана мазмундуу болбой калуусу мүмкүн, ушуга байланыштуу, бардык кызыкдар тараптардын пикирлерин эске алуу менен, мыйзам долбоорлорун толук кандуу, ар тараптуу, объективдүү кароо үчүн шарттарды түзүү зарыл. Мында жарандык коомдун өкүлдөрүнүн бул процесске катышуусу маанилүү жана зарыл болуп саналат. Анткени Комитет Жогорку Кеңештин негизги конституциялык органы жана жарандык коомдун сунуштары айтыла турган аянтча болуп эсептелет.

Андыктан комитеттердин жыйналыштарына катышуу  жана сөз сүйлөө жарандык коом үчүн мыйзам долбоорлору боюнча өз сунуштарын депутаттарга жеткирүү жана тигил же бул мыйзам долбоорунун объективдүү муктаждыгын аныктоодо пикир айтуу үчүн өтө маанилүү мүмкүнчүлүк.

Коомчулуктун мыйзам долбоорун иштеп чыгуу жана кароо процессине активдүү тартылуусу кабыл алынып жаткан мыйзамдардын сапатын жакшыртат жана тиешелүү түрдө аны сапаттуу ишке ашыруу парламенттин мыйзам чыгаруу ишине элдин ишенимине түрткү берет. Тескерисинче, кайчы байланыштын жоктугу сапатсыз мыйзамдардын кабыл алынышына алып келиши мүмкүн, алар Жогорку Кеңешке карата коомчулуктун ишенбей калышынын себеби болуп калат.

Бүгүнкү күндө мыйзам долбоорун талкуулоо ал иштелип чыккандан кийин жүргүзүлөт. Мыйзам долбоорлорун комитеттерде кароо процессине кызыкдар тараптардын жана коомчулуктун катышуусунун так механизми жок. Жарандык коомдун өкүлдөрүн тартуу толук көлөмдө иштебей жатат, анткени аларда комитеттердин жыйналыштарына ыкчам катышуу мүмкүнчүлүгү жок.

Ушулардын бардыгы коомчулукту мыйзам долбоорун иштеп чыгууга тартуунун төмөн деңгээли жөнүндө тастыктап турат.

Айрыкча региондордогу жарандык коомдун өкүлдөрү аймактык жактан алыс жайгашкандыктан Жогорку Кеңештин комитеттеринин ишине катышуусу чектелген. Алар коомдук талкуулоолорго катышат жана иштеп чыгуучуларга өз комментарийлерин берет, бирок иштеп чыгуучулар алардын мындай сунуштамаларды түшүндүрмө бербестен, муну комитеттердин чечимдеринде чагылдырбастан четке кагуусу мүмкүн. Андыктан жарандык коомдун өкүлдөрүнүн комитеттердин жыйналыштарына катышуусу алардын сунуштарын жана көйгөйлөрүн тиешелүү мыйзам долбоорлору каралып жаткан жыйналыштарда айтууга мүмкүндүк берет.

Жогоруда баяндалгандарга байланыштуу, "Ачык комитет" долбоорун ишке ашыруу зарыл.

**2027-жылга карата долбоордун максаты:**

Жогорку Кеңештин алдында жарандык коомдун сунуштамаларына кайдигер карабаган ачык комитет иштейт. Чечимдер ачык кабыл алынат, жарандык коомдун кызыкчылыктарын жана сунуштамаларын чагылдырат, жарандык коомдун сунуштамалары четке кагылган учурда Комитет өз чечимдерин негиздейт.

Милдеттер:

1) жарандык коомду өкүлдөрүнүн жарандык коомду кызыктырган мыйзам долбоорлору боюнча Жогорку Кеңештин комитеттеринин жыйналыштарына катышуусу жана сөз сүйлөөсү үчүн мүмкүнчүлүктү камсыз кылуу механизмин иштеп чыгуу жана мыйзамдардын сапатын жакшыртуу үчүн алардын потенциалын пайдалануу;

2) Жогорку Кеңештин комитеттеринин жыйналыштарына жарандардын катышуусун камсыз кылуу тартибине зарыл өзгөртүүлөрдү киргизүү.

3) комитеттердин жыйналыштарында сөз сүйлөөгө жарандарга мүмкүнчүлүк берүү менен аларда жарандардын онлайн катышуусун камсыз кылуу үчүн тутумду түзүү;

4) санариптик технологияны пайдалануу менен комитеттердин ишине жарандардын жана жарандык коом уюмдарынын, анын ичинде региондордогу жарандар менен уюмдардын катышуусун камсыз кылуучу чараларды жана шарттарды кароо;

5) комитеттер бардык кызыкдар тараптардын пикирлерин алуусу үчүн Жогорку Кеңештин комитеттеринде жарандык коом уюмдарынын ар жылдагы альтернативдүү баяндамаларын (тематикалык жана региондук баяндамалар) киргизүү;

6) комитеттердеги мыйзам долбоорлоруна карата жарандык коомдун жазуу жүзүндөгү сунуштарын комитеттердин депутаттары милдеттүү түрдө кароосун камсыз кылуу. Ар бир сунушту кароонун жыйынтыктары боюнча жазуу жүзүндө жооптор берилүүсү зарыл (кабыл алуу же кабыл албоо жөнүндө, зарыл негиздемеси менен).

7) каралып жаткан мыйзам долбоорлору боюнча коомчулуктун пикирлерин, сын-пикирлерин жана сунуштарын эсепке алууну өркүндөтүү. Коомчулук менен консультацияларга комплекстүү мамиленин методологиясын иштеп чыгуу. Мыйзам долбоору иштелип чыкканга чейинки этапта ачык консультациялардын өткөрүлүшүн камсыздоо;

8) жарандык коомдун катышуусу менен Жогорку Кеңештин комитеттеринин өлкөнүн региондоруна көчмө жыйналыштарынын практикасын киргизүү;

9) жарандык коом уюмдары менен бирдикте Жогорку Кеңештин комитеттеринде ар жылдагы альтернативдүү баяндамалар (тематикалык жана региондук баяндамалар) практикасын киргизүү.

10) тематикалар жана региондор боюнча жарандык коом уюмдарынын маалымат базасын (реестрин) түзүү.

**Натыйжа**

1. Жогорку Кеңештин алдында ачык жана кайдыгер болбогон комитет иштейт.

2. Долбоорду ишке ашыруу мөөнөтү - 3 жыл

3. Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзам долбоорлорун жана башка ченемдик укуктук актыларын иштеп чыгуу жана кабыл алуу - 1 жыл.

**Тобокелдиктер**

1. Каржылоо булактарынын жоктугу.

2. Квалификациялуу адистердин жетишсиздиги.

**7.11. "Коомдук талкуулоо" долбоору**

2021-жылдын 11-апрелинде кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, мыйзам чыгарууну демилгелөө субъекттеринин саны көбөйдү. Бүгүнкү күндө мыйзам чыгарууну демилгелөө укугу 10 миң шайлоочуга, Президентке, Жогорку Кеңештин депутаттарына, Министрлер Кабинетинин Төрагасына, Жогорку сотко, Элдик Курултайга, Башкы прокурорго таандык.

Мыйзам чыгаруу демилгесинин жогоруда аталган бардык субъекттери мыйзам чыгаруу процессине активдүү катышууда. Алсак, Жогорку Кеңештин депутаттары 2020-2021-жылдардын сессия мезгилинде - 32, Министрлер Кабинети 86 мыйзам долбоорун демилгелеген. Мыйзам чыгаруу процессиндеги башкы этаптардын бири - мыйзам долбоорлорун ченем жаратуучу органдардын расмий сайттарына жайгаштыруу, коомдук угууларды, тегерек столдорду жана башка иш-чараларды өткөрүү аркылуу жарандарды ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун талкуулоого тартуу болуп саналат.

Жогорку Кеңештин депутаттары тарабынан демилгеленген мыйзам долбоорлору www.kenesh.kg, Президенттики - www.president.kg, Министрлер Кабинетиники - www.gov.kg, жана www.koomtalkuu.gov.kg, Башкы прокуратураныкы - www.prokuror.kg, Жогорку соттуку - www.sot.kg сайттарына жайгаштырылат. Мыйзам долбоорлору жайгаштырылуучу сайттарынын ушунчалык көп

санда болуусу коомчулуктун мыйзам долбоорлору менен таанышуу мүмкүнчүлүктөрүн татаалдантат. Жарандарга маалыматты ар түрдүү сайттардан издөөгө туура келет, бул аларды көп убактысын алат. Бардык ушул сайттар ар кандай функционалдык мүмкүнчүлүктөрү бар, бул мыйзам долбоорлорунун тексттерин издөө процессин андан бетер татаалдантат. Жогоруда саналып өткөн сайттардын бирөө гана (www.koomtalkuu.gov.kg) ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна онлайн режиминде ачык комментарий бергенге мүмкүндүк берет. Көрсөтүлгөн сайттын бардык пайдалануучулары жарандардын долбоорго карата комментарийлерин, ошондой эле долбоорлорду иштеп чыгуучулардын ушу комментарийлерге жоопторун көрө алат.

Жогорку Кеңештин, Президенттин, Министрлер Кабинетинин, Башкы прокуратуранын, Жогорку соттун расмий сайттары коомчулук менен консультациялар процессинин ачыктыгын камсыз кылуучу функционалдык мүмкүнчүлүктөрү жок болгондугунун жана аларда коомдук талкууга чыгарылган ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун табуу татаал болгондуктан, коомчулукта коомдук талкуулоо процесси ачык эмес, долбоорлор жарыяланбайт, коомдук талкуулар жүргүзүлбөйт жана жарандардын үнү угулган эмес деген пикир жаралат. Жогоруда баяндалган көйгөйлөр ченем жаратуу процессине жарандардын активдүү катышуусуна түрткү бербейт. Жарандар менен мыйзам чыгаруу демилге субъекттеринин/ченем жаратуучу оргaндардын ортосунда ачык кайчы байланыштын жоктугунан улам жарандарда аралашып, кабыл алынып жаткан ченемдик укуктук актыларга бирге катышуу жана колдоого алуу сезими калыптанбай келет.

Жогоруда аталган көйгөйлөрдү чечүү максатында "Коомдук талкуулоо" долбоорун ишке ашыруу зарыл, ал коомдук талкуулоо процессинин ачык, жөнөкөй, жеткиликтүү, түшүнүктүү жана жарандардын каалоо-тилектерине кайдыгер болбоосуна мүмкүндүк берет.

**Долбоордун максаты**

Ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун коомдук талкуулоо процессине жарандарды активдүү тартууга мүмкүндүк берүүчү жана жарандар менен мыйзам чыгаруу демилге субъекттеринин/ченем жаратуучу органдардын ортосунда ачык кайчы байланышты камсыз кылуучу бирдиктүү электрондук аянтчаны түзүү.

Милдеттер:

1) "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү www.koomtalkuu.gov.kg сайтын Жогорку Кеңеш тарабынан тескелүүчү мыйзам чыгаруу демилгесинин бардык субъекттери/ченем жаратуучу органдар үчүн ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун Коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталына трансформациялоого мүмкүндүк берет.

2) Коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталын (КТБП) иштетүүнүн тартиби жөнүндө Жогорку Кеңештин токтомун иштеп чыгуу жана кабыл алуу.

3) сервердик жабдууну сатып алуу;

4) орнотуу, ишке киргизүү жана жөндөө иштерин жүргүзүү, ошондой эле Жогорку Кеңештин Аппаратынын КТБПнын ишин камсыз кылуучу кызматкерлерин окутуу;

5) Юстиция министрлиги тескеген Коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталын Министрлер Кабинетинин карамагынан Жогорку Кеңештин карамагына өткөрүп берүү;

6) Коомчулукка жана мыйзам чыгаруу демилге субъекттерине/ченем жаратуучу органдарга Коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталы жөнүндө маалымдоо;

7) мыйзам чыгаруу демилге субъекттерин/ченем жаратуучу органдарды Коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталын пайдалануу боюнча окутууну жүргүзүү;

8) Коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталында мыйзам долбоорлорун коомдук талкуулоодо мыйзам чыгаруу демилге субъекттерине эксперттик жана консультациялык колдоо көрсөтүү (пилоттук долбоор).

**Натыйжа**

1. Жогорку Кеңештин алдында Коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталы иштейт, ал мыйзам чыгаруу демилгесинин бардык субъекттери/ченем жаратуучу органдар үчүн милдеттүү болуп

саналат, ал ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун коомдук талкуулоо процессине жарандарды натыйжалуу тартууга мүмкүндүк берет жана онлайн режиминде долбоорлорду иштеп чыгуучулар менен ачык кайчы байланышты камсыз кылат.

Долбоорду ишке ашыруу мөөнөтү - 1 жыл.

1) "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгуу жана кабыл алуу - 6 ай.

2) Коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталын пайдалануунун тартиби жөнүндө Жогорку Кеңештин токтомун иштеп чыгуу жана кабыл алуу - 3 ай.

3) сервердик жабдууну сатып алуу - жабдууну берүү - 2 айдан 1 жылга чейин;

4) сервердик жабдууну жана КТБПнын программалык камсыздоосун орнотуу, ишке киргизүү жана жөндөө - 2 айга чейин;

5) Жогорку Кеңештин Аппаратынын КТБПны техникалык тейлөө жана аны пайдалануу боюнча консультация берүү үчүн жооп берүүчү кызматкерлерин окутууну жүргүзүү - 1 ай;

6) Юстиция министрлиги тескөөчү Коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталын Министрлер Кабинетинин карамагынан Жогорку Кеңештин карамагына өткөрүп берүү - 1 ай.

7) Коомчулукка жана мыйзам чыгаруу демилге субъекттерине/ченем жаратуучу органдарга Коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталы жөнүндө маалымдоо - 3 ай;

8) Мыйзам чыгаруу демилге субъекттерин (депутаттарды жана алардын консультанттарын) жана ченем жаратуучу органдарды Коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталын пайдалануу боюнча окутууну жүргүзүү - 2 ай, андан ары үзгүлтүксүз;

9) Коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталында мыйзам долбоорлорун коомдук талкуулоодо мыйзам чыгаруу демилге субъекттерине эксперттик жана консультациялык колдоо (пилоттук долбоор) - 5 ай.

**Тобокелдиктер**

1. Каржылоо булагынын жоктугу.
2. Квалификацияпуу адистердин жетишсиздиги.

**7.12. "Аналитиктердин мектеби" долбоору**

Аналитика кабыл алынып жаткан чечимдердин сапатына түздөн-түз таасир этет. Анткени ар тараптуу, өз учурундагы жана объективдүү маалымат болгондо гана кырдаалга абдан кылдат талдоо жүргүзүү, көйгөйлөрдү аныктоо жана аларды чечүүнүн жолдорун иштеп чыгуу мүмкүн болот.

Азыркы учурда аналитикалык иш коомдун жашоо-турмушунун бардык чөйрөлөрүндө, анын ичинде бизнес-чөйрөдө жана мамлекеттик бийлик органдарынын ишинде жүргүзүлөт.

Жогорку Кеңеш коомдун жашоо-турмушунда эң маанилүү социалдык-экономикалык чечимдерди кабыл алган орган катары сапаттуу мыйзамдарды кабыл алуу жана контролдук функцияларды жүзөгө ашыруу үчүн анын ишин натыйжалуу аналитикалык коштоого өзгөчө муктаж.

Атап айтканда, мыйзам долбоорун кароодо талдоонун инструменттери анын чабал жана күчтүү жактарын таап чыгууга, тобокелдиктерди жана коркунучтарды, ошондой эле Жогорку Кеңештин чечимдерин ишке ашыруу процессине таасир этүүчү башка факторлорду аныктоого жардам берет.

Мисалы, маалыматтардын зор массивинен турган республикалык бюджеттин долбоорун кароодо маалыматтарды иштеп чыгуунун аналитикалык каражаттарына ээ болуп туруп, чаржайыт маалыматты так жана жыйнактуу формада жалпылоого, көрсөткүчтөрдөгү дал келбестиктерди табууга, социалдык объекттерди куруу, пенсия менен жөлөкпулдарды төлөө, эмгек акы ж.б. боюнча мамлекеттин милдеттенмелерин аткаруу учурунда мүмкүн болгон тобокелдиктер менен коркунучтарды аныктоого болот.

Мындан тышкары, парламенттик контролду жүргүзүүдө талдоо инструменттерин колдонуу Жогорку Кеңешке конкреттүү индикаторлор аркылуу конкреттүү мыйзамдардын адамдарга таасиринин даражасын баалоого мүмкүндүк берет.

Аналитикалык билимге ээ болуу менен Жогорку Кеңештин Аппаратынын кызматкерлери маалымат материалдарын, эксперттик корутундуларды, баяндамаларды, каттарды, экспресс-маалыматтарды жана актуалдуу маселелер боюнча башка маалыматтык-аналитикалык материалдарды сапаттуу даярдай алат.

Азыркы учурда Жогорку Кеңеште аналитикалык ишти өнүктүрүү маселеси өзгөчө актуалдуу. Жогорку Кеңештин аналитикалык ишин чыңдоонун жана институтташтыруунун маанилүүлүгү ошондой эле Жогорку Кеңештин 2021-жылга чейинки өнүгүү стратегиясынын артыкчылыктуу багыттарынын бири болгон.

Бирок бүгүнкү күндө Жогорку Кеңештин депутаттары менен Аппаратынын кызматкерлери жетиштүү аналитикалык потенциалга али ээ эмес, бул кызматкерлердин аналитикалык ишти аткаруу үчүн кызыгуусунун начардыгынын, ошондой эле парламенттин депутаттары менен кызматкерлеринин аналитикалык жөндөмдөрүн жогорулатууга багытталган окутуучу иш-чаралардын жетишсиздигинин натыйжасы болуп саналат.

Ушуга байланыштуу "Аналитиктердин мектеби" долбоорун ишке ашыруу аркылуу Жогорку Кеңештин депутаттарынын жана кызматкерлеринин аналитикалык жөндөмдөрүн дайыма жогорулатып туруу муктаждыгы келип чыгат.

**Долбоордун максаты**

Жогорку Кеңештин депутаттарынын жана кызматкерлеринин квалификациясын жана аналитикалык жөндөмдөрүн арттыруу.

**1-милдет. Окутуучу иш-чараларды (тренингдерди жана семинарларды) уюштуруу жана өткөрүү**

Чаралар:

- Жогорку Кеңештин депутаттарынын жана кызматкерлеринин аналитикалык жөндөмдөргө үйрөтүүгө муктаждыктарын аныктоо;
- окуу модулдарын, техникалык тапшырманы жана башкаларды (окутуунун методологиясы, программасы, планы/графиги) түзүү үчүн жооптуу адамдарды аныктоо;
- катышуучуларды, эксперттерди жана машыктыруучуларды аныктоо;
- бекитилген графикке ылайык окутуучу иш-чараларды жүргүзүү;
- өнүккөн өлкөлөрдүн парламенттериндеги аналитикалык борборлорго баруу жана тажрыйбасын үйрөнүү (окутуунун натыйжаларын баалоонун жыйынтыктары боюнча).

**2-милдет. Окутуу процессине мониторинг жүргүзүү**

Чаралар:

- окутуу процессине мониторинг жүргүзүү үчүн адамдарды (тышкы/көз карандысыз эксперт, ЦРПиД, Жогорку Кеңештин Аппараты) аныктоо;
- техникалык тапшырманы, мониторинг жүргүзүү методикасын түзүү (ТТны иштеп чыгуу боюнча экспертти тартуу);
- мониторингдин графигин түзүү;
- мониторинг жүргүзүү;
- отчет даярдоо.

**3-милдет. Долбоорду ишке ашыруунун натыйжаларын баалоону жүргүзүү**

Чаралар:

- долбоордун натыйжаларын баалоо боюнча техникалык тапшырманы иштеп чыгуу (экспертти тартуу);
- окутуу процесси ишке ашырылышын баалоону жүргүзүү;

- долбоорду баалоонун жыйынтыктары боюнча отчет түзүү.

**4-милдет. Долбоорду каржылоо үчүн ресурстарды тартуу**

Чаралар:

- долбоорду ишке ашырууга Жогорку Кеңештин ресурстарын жана салымынын көлөмүн аныктоо;

- өнүгүү боюнча өнөктөрдү аныктоо, жолугушууларды, сүйлөшүүлөрдү, презентацияларды өткөрүү;

- долбоорду ишке ашыруунун чыгымдар сметасын (бюджетин) түзүү.

**Натыйжа**

1. Жогорку Кеңештин депутаттарынын жана Аппаратынын кызматкерлеринин аналитикалык потенциалын жогорулатуу боюнча окуутуучу семинарлар өткөрүлдү;

2. Долбоорду ишке ашыруу процессине аралык мониторинг жүргүзүлдү;

3. Долбоордун ишке ашырылышын баалоо жүргүзүлдү;

4. Долбоорду каржылоо булагы аныкталды;

5. Аналитикалык продуктылар иштелип чыкты.

**Аткаруу мөөнөттөрү**

Долбоорду ишке ашыруунун башталышы - 2023-жыл.

1) окутуучу иш-чараларды (тренингдерди жана семинарларды) уюштуруу жана өткөрүү - 2023-2026-жж.;

2) окутуу процессине мониторинг жүргүзүү - 2023-2026-жж.;

3) долбоорду ишке ашыруунун натыйжаларын баалону жүргүзүү -өткөрүлгөн окутуучу семинардан, тренингден соң 3-6 ай өткөндөн кийин;

4) долбоорду каржылоо үчүн ресурстарды тартуу - туруктуу негизде.

**7.13. "Ченем жаратуу мектеби" долбоору**

Мыйзамдардын аркасында азыркы коомдун саясий, экономикалык, социалдык жана башка процесстери жөнгө салынып турат. Мыйзамдардын негизги милдети адам укуктарын коргоо жана жасалып жаткан укук бузуулар ж.б. үчүн жазанын сөзсүз берилүүсүн камсыз кылуу болуп саналат.

Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө мыйзамдарды кабыл алуу функциясы парламенттерге таандык. Кыргыз Республикасынын парламенти да ушундай иштерди аткарат, ага өкүлчүлүктүү орган катары мыйзамдарды кабыл алуу укугу таандык, жарандардын жашоосунун сапаты, коопсуздугу жана бакубаттуулугу ушул мыйзамдарга байланыштуу.

Жогоруда саналган жагдайлар парламентке чоң жоопкерчиликти жүктөйт, буга байланыштуу Жогорку Кеңештин депутаттарынын жана Аппаратынын ченем жаратуу процессине катышуучу кызматкерлеринин потенциалын жогорулатуу үчүн бардык чараларды көрүү зарылчылыгы келип чыгат.

Атап айтканда, мыйзам долбоорлорун иштеп чыгуу, экспертизаны, талдоо изилдөөлөрүн, коомдук талкууну, презентацияларды жүргүзүү, мыйзам чыгаруу техникасын колдонуу, санариптик технологияларды пайдалануу ж.б. сыяктуу жөндөмдөрдү өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл буруу зарыл.

Жогоруда көрсөтүлгөндөрдү ишке ашыруу үчүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жана Аппарат кызматкерлеринин потенциалын жогорулатууга багытталган иш-чаралардын алкагында "Ченем жаратуу мектеби" долбоорун ишке ашыруу сунушталат.

**Долбоордун максаты**

Иштелип чыгып жаткан ченемдик укуктук актылардын долбоорлорунун сапатын жакшыртуу үчүн Жогорку Кеңештин депутаттарынын жана Аппарат кызматкерлеринин эксперттик потенциалын жогорулатуу.

**1-милдет. Окутуучу иш-чараларды (тренингдерди жана семинарларды) уюштуруу жана өткөрүү**

Чаралар:

- ченем жаратуу процессине жөндөмдөрдү үйрөтүүгө Жогорку Кеңештин депутаттары менен Аппарат кызматкерлеринин муктаждыктарын аныктоо;

- окуу модулдарын, техникалык тапшырманы жана башкаларды (окутуунун методологиясы, программасы, планы/графиги) түзүү үчүн жооптуу адамдарды аныктоо;

- катышуучуларды, эксперттерди жана машыктыруучуларды аныктоо;

- бекитилген графикке ылайык окутуучу иш-чараларды өткөрүү.

**2-милдет. Окутуу процессине мониторинг жүргүзүү.**

Чаралар:

- окутуу процессине мониторинг жүргүзүү үчүн адамдарды (тышкы/көз карандысыз эксперттер, ПДӨБ, Жогорку Кеңештин Аппараты) аныктоо;

- мониторинг жүргүзүү методикасы боюнча техникалык тапшырманы түзүү (ТТны иштеп чыгуу боюнча экспертти тартуу);

- мониторингдин графигин түзүү;

- мониторинг жүргүзүү;

- отчет.

**3-милдет. Долбоорду ишке ашыруунун натыйжаларын баалоону жүргүзүү**

Чаралар:

- долбоордун натыйжаларын баалоо боюнча техникалык тапшырманы иштеп чыгуу (экспертти тартуу);

- окутуу процессинин ишке ашырылышын баалоону жүргүзүү;

- долбоорду баалоонун жыйынтыктары боюнча отчет түзүү.

**4-милдет. Долбоорду каржылоо үчүн ресурстарды тартуу**

Чаралар:

- долбоорду ишке ашырууга Жогорку Кеңештин ресурстарын жана салымынын көлөмүн аныктоо;

- өнүгүү боюнча өнөктөрдү аныктоо жана жолугушууларды, сүйлөшүүлөрдү, презентацияларды өткөрүү;

- долбоорду ишке ашыруу чыгымдарынын сметасын (бюджетти) түзүү.

**Натыйжа:**

1. Жогорку Кеңештин депутаттары менен Аппарат кызматкерлеринин потенциалын жогорулатуу боюнча окутуучу семинарлар өткөрүлдү;

2. долбоорду ишке ашыруу процессине аралык мониторинг жүргүзүлдү;

3. долбоордун ишке ашырылышын баалоо жүргүзүлдү;

4. долбоорду каржылоо булагы аныкталды.

**Аткаруу мөөнөттөрү**

Долбоорду ишке ашыруунун башталышы - 2023-жыл.

1) окутуучу иш-чараларды (тренингдерди жана семинарларды) уюштуруу жана өткөрүү - 2023-2026-жж.;

2) окутуу процессине мониторинг жүргүзүү - 2023-2026-жж.;

3) долбоорду ишке ашыруунун натыйжаларын баалоону жүргүзүү - өткөрүлгөн окуу семинардан, тренингден соң 3-6 ай өткөндөн кийин;

4) долбоорду каржылоо үчүн ресурстарды тартуу - туруктуу негизде.

### 7.14. "Электрондук петициялар" долбоору

Соңку учурда дүйнөдө жарандардын бийлик органдарына көйгөйлөр тууралуу маалымдоо, чечим кабыл алуучу адамдарга ар кандай коомдук-маанилүү маселелер боюнча позицияларды билдирүү мүмкүнчүлүгү катары электрондук петицияларды берүүнүн саны көбөйүшүнүн тенденциясы байкалууда. Буга маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын жана социалдык тармактардын өнүгүүгө түрткү болууда. Петицияларды электрондук формада берүү кол топтоо жол-жобосун кыйла жөнөкөйлөтөт, жарандар менен мамлекеттик бийлик өкүлдөрүнүн диалогун жакшыртат, ошондой эле көйгөйгө коомчулуктун максималдуу кеңири назар буруусуна мүмкүндүк берет.

Ушул күндөрү чет өлкөлөрдүн парламенттеринде жарандардын петициялары менен иштөөнүн ар кандай ыкмалары бар, мисалга алсак, Германиянын Бундестагында петиция боюнча чечимдерди кароо жана кабыл алуу жагынан атайын комиссия иштейт, Францияда петицияларды туруктуу комитеттерге парламенттин төмөнкү палатасынын төрагасы бөлүштүрүп берет, ал келип түшкөн петиция боюнча чечим кабыл алат. Улуу Британияда 200дөн ашык жаран кол койгон петиция мамлекеттик кызматтар тарабынан милдеттүү түрдө каралууга тийиш.

Кыргыз Республикасында жарандардын, анын ичинде жамааттардын мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кайрылуу укугун ишке ашыруу боюнча мамилелер "Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жөнгө салынат. Ошол эле учурда бул мыйзамда "петиция" түшүнүгү жок жана, тиешелүү түрдө, аны ишке ашыруу механизми каралган эмес.

Мамлекеттик бийлик органдары үчүн, анын ичинде Жогорку Кеңеш үчүн электрондук кайрылууларды киргизүү коомдук маанайды аныктоонун натыйжалуу индикатору, жарандарды тең салмактуу жана сапаттуу чечимдерди кабыл алуу процессине тартуунун инструменти болуп калмак. Жогоруда баяндалгандарды эске алып, "Электрондук петициялар" долбоорун ишке ашыруу зарыл, ал жарандык коом менен парламенттин өз ара аракеттенүүсүн жакшыртат.

**Долбоордун максаты**

Тең салмактуу жана сапаттуу чечимдерди кабыл алуу процессине жарандарды тартуунун инструменти катары Жогорку Кеңештин ишине электрондук петицияларды киргизүү.

**1-милдет. Электрондук петицияларды киргизүү үчүн ЧУАларды иштеп чыгуу жана кабыл алуу**

Чаралар:

- мыйзам долбоорун иштеп чыгуу, экспертизаны, коомдук угууларды, кароонун бардык стадияларында мыйзам долбоорун коштоо;

- электрондук петицияларды киргизүү боюнча жооптуу адамдарды аныктоо, техникалык тапшырманы даярдоо ж.б.;

- катышуучуларды, эксперттерди жана машыктыруучуларды аныктоо.

**2-милдет. Парламенттин сайтында Электрондук петициялардын бирдиктүү порталын түзүү**

Чаралар:

- Электрондук петициялардын бирдиктүү порталын түзүү үчүн адамдарды (тышкы/көз карандысыз эксперттер, ПДӨБ, Жогорку Кеңештин Аппараты);

- долбоордун натыйжаларын баалоо боюнча техникалык тапшырманы иштеп чыгуу (экспертти тартуу);

- мониторинг жүргүзүү;

- отчетту даярдоо.

**3-милдет. Электрондук петициялардын бирдиктүү порталын пайдалануучулар үчүн (Жогорку Кеңештин депутаттары жана кызматкерлери, жарандык коомдун өкүлдөрү) окутуучу тренингдерди жана семинарларды өткөрүү**

Чаралар:

- окуу модулдарын, техникалык тапшырманы жана башка материалдарды (окутуунун методологиясы, программасы, планы/графиги) түзүү үчүн жооптуу адамдарды аныктоо;

- катышуучуларды, эксперттерди жана машыктыруучуларды аныктоо;

- бекитилген графикке ылайык окутуучу иш-чараларды жүргүзүү;

- окуу процессинин мониторингин жүргүзүү боюнча техникалык тапшырманы түзүү (ТТны иштеп чыгуу боюнча экспертти тартуу);

- мониторинг жүргүзүү;

- долбоорду баалоонун жыйынтыктары боюнча отчетту даярдоо.

**4-милдет. Долбоорду каржылоо үчүн ресурстарды тартуу**

Чаралар:

- долбоорду ишке ашырууга Жогорку Кеңештин ресурстарын жана салымынын көлөмүн аныктоо;

- өнүгүү боюнча өнөктөрдү аныктоо жана жолугушууларды, сүйлөшүүлөрдү, презентацияларды өткөрүү;

- долбоорду ишке ашыруу чыгымдарынын сметасын (бюджетти) түзүү.

**Натыйжа**

1. Жарандардын бийлик органдарына жамааттык кайрылуусунун электрондук формасынын чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук база петициялардын порталдарын өнүктүрүүнүн учурдагы тенденцияларына ылайык келет.

2. Электрондук петициялардын бирдиктүү порталы коомчулук менен кайчы байланыштын инструменти катары түзүлдү, жарандардын өлкөнүн коомдук-саясий турмушуна катышуу мүмкүнчүлүгү жогорулады.

3. Жарандык коом менен байланыш жакшырды. Парламенттин ишинин ачыктыгы жөнүндө оң пикир калыптанды.

4. Жогорку Кеңештин сайтында Электрондук петициялардын бирдиктүү порталынын иштөөсүн камсыз кылуучу кызматкерлердин потенциалын жогорулатуу боюнча окутуучу семинарлар өткөрүлдү.

5. Жогорку Кеңештин комитеттеринин жарандардын электрондук петицияларын кароо боюнча жыйналыштары өткөрүлдү.

6. Долбоорду ишке ашыруу процессинин аралык мониторинги жүргүзүлдү.

7. Долбоорду ишке ашырууну баалоо жүргүзүлдү.

8. Долбоорду каржылоо булагы аныкталды.

**Долбоорду ишке ашыруу мөөнөттөрү**

Долбоорду ишке ашыруунун башталышы - 2023-жыл.

1) окутуучу иш-чараларды (тренингдерди жана семинарларды) уюштуруу жана өткөрүү - 2023-2026-жж.;

2) окутуу процессине мониторинг жүргүзүү - 2023-2026-жж.;

3) долбоорду ишке ашыруунун натыйжалар баалоону жүргүзүү -окуу семинары, тренинг өткөрүлгөн соң 3-6 ай өткөндөн кийин;

4) долбоорду каржылоо үчүн ресурстарды тартуу - туруктуу негизде.

**7.15. "Депутаттын электрондук коомдук кабылдамасы" долбоору**

Жогорку Кеңеш - мыйзам чыгаруу бийлигин жана өз ыйгарым укуктарынын чегинде контролдоо функцияларын жүзөгө ашыруучу жогорку өкүлчүлүктүү орган. Жогорку Кеңеш мамлекет менен коомдун ортосундагы мамилелерди жөнгө салуучу коомдук-маанилүү, мамлекеттик жана саясий чечимдерди кабыл алуучу борбор болуп саналат.

Жогорку Кеңеши депутаттарынын жана шайлоочулардын өз ара аракеттенүүсүн күчөтүү үчүн маалыматтык-техникалык прогрессти эске алуу менен Жогорку Кеңештин депутаттарынын өз шайлоочулары менен диалогун жана маалымат алышуусун камсыз кылуу максатында жарандардын кайрылууларын электрондук кабыл алуу тутумун киргизүү сунуш кылынат.

Жогорку Кеңештин депутаттарынын жарандардын электрондук кайрылууларын кабыл алуусунун колдонуудагы тутуму электрондук почтанын дарегин пайдалануу менен жазуу жүзүндө кайрылуу аркылуу бир тараптуу форматты гана каралат жана дайыма эле Жогорку Кеңештин депутатынан кайчы байланышты алууга кепилдикти бере бербейт.

Сунуш кылынып жаткан тутум Жогорку Кеңештин иши жөнүндө маалымат, каралып жаткан маселелердин күн тартиби, депутаттардын биографиялык маалыматтары, депутаттардын иши тууралуу маалымат, бизнес жамааттан үчүн тематикалык блоктор, турак жай, социалдык, гендердик жана башка маселелер боюнча калк үчүн блоктор, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн маалымат, депутаттардын блогдору жана Жогорку Кеңештин иши жөнүндө маалымдуулукту жакшыртуу үчүн башка зарыл маалыматтар жайгаштырыла турган программалык камсыздоону иштеп чыгууну, ошондой эле жарандардан кайрылууларды кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн карайт.

Келип түшүп жаткан кайрылуулар жана маалыматтар атайын электрондук жардамчы (бот) тарабынан иштелип чыгат жана бардык жеткиликтүү байланыш каналдарын, мессенжерлерди (Whatsapp, Telegram, Youtube) пайдалануу менен бардык түзүлүштөрдө, анын ичинде мобилдик тиркемелерде жеткиликтүү болот, ошондой эле бул тиркемени ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар (ДМЧА) пайдалануусу үчүн шарттар түзүлөт.

Заманбап каражаттарды жана жооптордун автоматташтырылган тутумун пайдалануу аппарат кызматкерлеринин жана депутаттардын жардамчыларынын жарандар менен баарлашуу жүгүн кыйла азайтат, мында депутаттардын өздөрү өз шайлоочулары менен түз бааралуу мүмкүнчүлүгүн алат.

Электрондук коомдук кабылдамалар азыркы коомдо ишти жөнөкөйлөтүү үчүн зарыл чара жана Жогорку Кеңештин депутаттарынын жарандар, бизнес-коомдоштуктар жана калктын башка категориялары менен өз ара аракеттенүүсүнүн инструменти болуп саналат. Калк менен кайчы байланыш жагдайды билип турууга, бардык тармактардагы көйгөйлөргө өз учурунда чара көрүүгө жардам берет. Коомдук кабылдамалар Жогорку Кеңешке келип түшкөн ар бир кайрылууга "Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген мөөнөттө жооп берүү кепилдигин камсыз кылат.

Бул долбоор пилоттук болот жана биринчи этапта бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайланган Жогорку Кеңештин депутаттарын камтуу пландалууда.

Келечекте долбоор ийгиликтүү ишке ашырылган учурда бүткүл Жогорку Кеңештин депутаттары үчүн коомдук кабылдамаларды этап-этабы менен уюштуруу, ошонун өзү менен бардык жарандарга бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу пландаштырылууда.

**Долбоордун максаты**

Жарандар менен парламенттик өз ара аракеттенүүнүн жана калк менен ачык жана айкын диалогду камсыз кылуунун инструменти катары Жогорку Кеңештин ишине электрондук коомдук кабылдамаларды киргизүү.

**Милдеттер:**

1) "Электрондук коомдук кабылдама" тууралуу жобону жеткире иштеп чыгуу;

2) техникалык тапшырманы иштеп чыгуу;

3) Жогорку Кеңештин сайты үчүн электрондук модулду (ботту, мобилдик тиркемени жана АГды эске алуу менен) иштеп чыгуу;

4) API'ды (өз ара аракеттенүү протоколун) иштеп чыгуу жана Жогорку Кеңештин сайты менен интеграциялоо;

5) окутуу

6) долбоордун пилоттук фазасын ишке киргизүү жана сыноо.

**Натыйжа**

1. "Электрондук коомдук кабылдама" жөнүндө жобо жеткире иштелип чыкты.

2. Долбоорду техникалык имплементациялоо үчүн иштеп чыгуучуга компанияны жалдоо.

3. Иш-чаралар (Жогорку Кеңештин депутаттары үчүн тегерек стол, окутуучу семинарлар, калк үчүн маалымат кампаниялары) өткөрүлдү.

4. Электрондук коомдук кабылдамалар иштеп жатат.

**Долбоорду ишке ашыруу мөөнөттөрү**

Долбоорду ишке ашыруунун башталышы - 2023-жыл.

Долбоорду ишке ашыруу 2 этапта пландаштырылат.

1-этап - 3 депутат менен пилоттук долбоор (гендердик аспектини сактоо);

2-этап - парламенттик фракциялардын жана депутаттык топтордун депутаттары менен масштабдоо (Жогорку Кеңештин депутаттарын 100% камтуу).